**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ПЕДАГОГИКА, ПСИХОЛОГИЯ ЖАНА ДЕНЕ ТАРБИЯ ФАКУЛЬТЕТИ**

# Окумуштуулар Кеңеши
## №4 (2020-жыл, 29-декабрь)




***Күн тартибинде:***

**1.**Кафедралардагы, факультеттеги 2020-2021-окуу жылынын I семестрдеги жүргүзүлгөн тарбиялык иштеринин жыйынтыгы. ***(Жооптуу: кафедра башчылдары. Г.Өмүрзакова).***

**2.**Психология, жалпы психология кафедраларынын профессордук-окутуучулук курамынын иш кагаздарынын абалы (жумушчу программа, силлабус, окуу методикалык комплекс). ***(Жооптуу: комиссиянын төрагасы М.Бабаев, мүчөлөрү: Ж.Үсөн уулу, Г.Алимбекова).***

**3.**Бакалавриат программалары боюнча окутулуп жаткан предметтеринин аралык жана жыйынтык текшерүүлөрүнүн абалы боюнча. ***(Жооптуу: комиссиянын төрагасы М.Бабаев, мүчөлөрү: Ж.Үсөн уулу, Г.Алимбекова).***

**4.**Ар түрдүү маселелер.

**ОШ – 2020**

Scanned with CamScanner

## 1.Педагогика жана дене тарбия факультетинде 2020-2021-окуу жылынын I семестринде факультетте, кафедраларда жүргүзүлгөн тарбиялык иштер боюнча маалымат

2020-2021-окуу жылында факультетте жалпысында 49 тайпа бар. Тайпалардын кураторлору 2020-жылдын 25-ноябрындагы №1071-ФХД буйругунун негизинде дайындалышып, ушул жылдан баштап 300сомдон кошумча акы төлөнүп баштады. Ар жуманын шейшемби күндөрү 1-пара куратордук сааттар онлайн өтүлүп жатты.

Кураторлордун куратордук иш пландарын бекиткендиктери тууралуу маалымат:

| № | Студенттик тайпа | Тайпанын кураторлору | Куратордук ш пландар |
|---|---|---|---|
| 1 | НО(б)-1-20 | Таабалдиева Атыргүл | + |
| 2 | НО(б)-2-20 | Ажиматова Элмира | + |
| 3 | НО(б)-3-20 | Азимова Сапаргүл | + |
| 4 | НО(б)-4-20 | Дуйшонали кызы Канымбү | + |
| 5 | НО(б)-5-20 | Камилова Назипа | - |
| 6 | НО(б)-6-20 | Ибайдуллаев Хабибулла | + |
| 7 | НО(б)-7-20 | Шанызак уулу Жылдызбек | - |
| 8 | НО(б)-8-20 | Шерали кызы Нурзада | - |
| 9 | НО(б)-9-20 | Абдыбасы кызы Адина | - |
| 10 | ПДО(б)-1-20 | Джаркинбаева Айнура | + |
| 11 | ПДО(б)-2-20 | Асанова Мээргүл | + |
| 12 | П(б)-1-20 | Шерматова Айида | - |
| 13 | П(б)-2-20 | Садикова Ражапхон | - |
| 14 | П(б)-3-20 | Эшиев Асылбек | - |
| 15 | П(б)-4-20р | Абылкасым кызы Асель | - |



Scanned with CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| 16 | Ф(б)-1-20 | Камилов Рысбек | + |
| 17 | Ф(б)-2-20 | Ысмаилова Нурзат | + |
| 18 | Ф(б)-3-20 | Мурзакаримова Гүлнара | + |
| 19 | Ф(б)-4-20 | Матазов Өмүрбек | + |
| 20 | Ф(б)-5-20 | Казибеков Алмаз | - |
| 21 | Ф(б)-6-20 | Алимбекова Алтынай | - |
| 22 | Ф(б)-7-20 | Адамбаева Жыпаргул | - |
| 23 | Ф(б)-8-20р | Сатиев Таалайбек | - |
| 24 | НО(б)-1-19 | Алиева Канышай | + |
| 25 | НО(б)-2-19 | Жумалиева Бегимай | + |
| 26 | НО(б)-3-19 | Турдумамат уулу Муса | - |
| 27 | НО(б)-4-19р | Кулатова Айнура | - |
| 28 | НО(б)-5-19 | Мамазияева Жаныл | + |
| 29 | Ф(б)-1-19 | Адишов Мыктыбек | + |
| 30 | Ф(б)-2-19 | Жусубалиев Машрап | + |
| 31 | Ф(б)-3-19р | Жолдошев Аскат | + |
| 32 | ДО(б)-1-19 | Мырзабекова Нуриза | + |
| 33 | П(б)-1-19 | Данияр уулу Бексултан | - |
| 34 | НО(б)-1-18 | Абдыкапар кызы Гулзада | + |
| 35 | НО(б)-2-18 | Boобекова Айнагүл | + |
| 36 | НО(б)-3-18р | Ислаев Медет | - |
| 37 | НО(б)-4-18 | Джаныбаев Каныбек | + |
| 38 | ПДО(б)-1-18 | Муратбаев Бактыбек | + |
| 40 | П(б)-1-18 | Акбарова Барно | - |



| | | | |
|---|---|---|---|
| 41 | Ф(б)-1-18 | Нышанов Жоомарт | + |
| 42 | НО(б)-1-17 | Өмурзакова Гулкайыр | + |
| 43 | НО(б)-2-17 | Асанова Мээргүл | + |
| 44 | НО(б)-3-17 | Капарова Нургул | + |
| 45 | НО(б)-4-17р | Бабаев Марклен | + |
| 46 | НО(б)-5-17 | Муратбаев Бактыбек | - |
| 47 | П(б)-1-17 | Жолдошева Акчач | - |
| 48 | Ф(б)-1-17 | Изамаматов Акматали | + |
| 49 | Ф(б)-3-17 | Сабиров Сулайман | + |

Факультетте, кафедраларда шартка байланыштуу тарбиялык иштерди онлайн өткөрүүгө аракет жасадык. Мисалга ала турган болсок:

| № | Күнү | Иш-чаралар | Өткөрүү жайы |
|---|---|---|---|
| 1 | 01.09.2020 саат 9-00 | 1-Сентябрь – билим майрамына карата 1-курстарга офлайн жолугушуу уюштурулуп, университет, факультетет, китепкана жана ошондой эле AVN ИС, Kelbil тиркемелери, электрондук китепканалар менен таныштырылып, тайпаларга бөлүнүп, тайпанын кураторлору дайындалды. | Факультетте |
| 2 | 01.09.2020 саат 14-00 | Ал эми 2-4-курстун студенттери менен ZOOM тиркемеси аркылуу жаңы окуу жылдын ачылыш аземи онлайн өткөрүлдү. Жолугушууда факультеттин де-каны Б.Муратбаев «1-Сентябрь-билим майрамына» карата куттуктоо сөз сүйлөп, онлайн окуу боюнча маалыматтарды берди. | 121-каанада |



Scanned with CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | 12.09.2020 саат 09-00 | ОшМУнун тарбия департаменти тарабынан уюштурулган “Онлайн окуудагы чынчылдык” аттуу конференцияга факультеттин студенттери активдүү катышышты. | ZOOM тиркемеси |
| 4 | 12.09.2020 | НО(б)-4-18 тайпасынын куратору К.Джаныбаев жана НО(б)-2-20 тайпасынын куратору Э.Ажиматовалар тайпаларынын студенттеринин ата-энелери менен онлайн жолугушуу уюштурушту. | ZOOM тиркемеси |
| 5 | 20.09.2020 | ДТСТМ кафедрасы ишембилик өткөрүштү. | Спорт комплекси, спорт аянтчаларда |
| 6 | | 23-сентябрь мамлекеттик тил майрамын карата «Кыргыз тилин даңазалайм» аттуу көркөм ыр окуу уюштурулуп, инстаграмм баракчасына келген видеоолор жүктөлдү. | Онлайн |
| 7 | 25.09.2020 | Факультеттин студенттерине «Ковидтен кийинки кайра калыптануу жана жаңы вирус Кавасаки» тууралуу маалыматтарды берүү максатында ОшМУнун медицина клиникасынын кызматкери А. Бекмуратова менен вебинар уюштурулду. | ZOOM тиркемеси |
| 8 | | ОшМУнун 1-курска кабыл алынган студенттеринин онлайн окууга техникалык, программалык жана үй шартындагы даярдыгын аныктоо үчүн онлайн сурамжылоо өткөрүлдү. | https://forms.gle.com/forms |
| 9 | Октябрь айынын 1-жумасы | Мугалимдер күнүнө карата «Мугалимге таазим» видео куттуктоолор уюштурулду. Группалар тарабынан тартылган видеолор инстаграм баракчаларга жүктөлүп, WhatsApp группаларга таратылды. | Онлайн |
| 10 | 23.10.2020 | Мамлекеттик тил боюнча департаменти тарабынан ОшМУнун студенттери үчүн уюштурулган «Кыргызча туура жаза аласызбы?” онлайн тестке факультеттин студенттери активдүү катышышты. | Онлайн |
| 11 | 26.10.2020 | 2020-2021-окуу жылы үчүн факультеттин кызматкерлеринин ден соолугу тууралуу санитардык китепчелеринин абалын текшерүү жүргүзүлдү. | Факультетте |
| 12 | 3-4.11.2020 | ОшМУнун профессордук-окутуучулук курам арасында кичи-футбол боюнча «Ректордун кубогу» өттү. Жыйынтыгында биздин факультеттин агайлары 1-орунду камсыздашты. | Спорт аянтчада |
| 13 | Ноябрь айы | Ош шаардык мэриясы тарабынан студенттер арасында өткөрүлгөн “Манас айтуу” сынагына НО(б)-1-17 тайпасынын студенти Асилбек кызы Мукарам, НО(б)-2-20 тайпасынын студенти Дагыбек кызы Уялкан,НО(б)1-19 тайпасынын тайпасынын студенти Кубатбек кызы Гулзаттар катышышты. Жыйынтыгында Дагыбек кызы Уялкан байгелүү орунга жетишти. | Онлайн |





Scanned with CamScanner

**2. ППжДТ факультетинин психология, жалпы психология кафедраларынын профессордук-окутуучулук курамынын иш кагаздарынын абалы (жумушчу программа, силлабус, ОМК) жөнүндөгү маселе боюнча комиссиянын**

**СПРАВКАСЫ**

ППжДТ факультетинин психология кафедрасы ОшМУнун административдук кеңешинин №537 буйругунун негизинде 2020-2021-окуу жылында адистикти даярдоочу кафедра болуп түзүлгөн. Учурда психология кафедрасында 2020-2021-окуу жылында жалпысынан 11540 саат аткарылууда.

Кафедранын стратегиялык планы, жылдык планы, кафедранын кеңешме планы толук иштелип чыгып, ППжДТ факультетинин деканы, доцент Б.Б. Муратбаев тарабынан бекитилген.

Учурда психология багытында 482 студент билим алууда, алардын ичинен: 157 студенти күндүзгү бөлүмдө (бакалавр), 267 студент кечки бөлүмдө (бакалавр) 58 студент магистратура программасында билим алышууда.

Кафедрада жалпысынан 7 профессордук-окутуучулук курам эмгектенет. Алар: 1 профессор, 1 илимдин кандидаты, доцент, 4 окутуучу, 1 асисстент-окутуучу.

Кафедранын иш кагаздары негизинен жакшы. Ар бир окутуучунун тиешелүү дисциплиналар боюнча ОМКлары түзүлүп, тиешелүү жетекчилик тарабынан бекитилген. Айрым окутуучулардын иш кагаздары мактоого арзыйт. Алсак, А.Эшиев, А.Жолдошеванын ОМКлары 19-бюллетенге дал келет жана тесттик тапшырмалары деңгээлдерге бөлүнүп жасалган.

Ошентсе да, кафедрадагы айрым окутуучулардын ОМКсындагы темалар эки сааттык болуп түзүлүп калган. Эми кайрадан бир саатка ылайыкталып түзүлүүдө.

Каратин убагында да кафедра коомчулук менен байланышып, социалдык жардам көрсөтүп келди:

- Пандемия шартында, азыркы күнгө чейин каф.психолог окутуучулары тарабынан психологиялык консултацияга муктаж болгон үй-бүлөлөргө жардам көрсөтүлүп келет.
- Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан ачылган психологиялык кенеш берүү Call центринде 678ден ашуун жарандарга психологиялык кенештер берилген (Онлайн).
- Кафедранын алдында түзүлгөн психологиялык кеңеш берүү борборуна муктаж болгон пациентер, балдар, өспүрүм балдар келип турат (каттоо журналында жалпысынан 23төн ашуун жаран кйрылган).



- ОшТВ, ЭЛТР, НТВ ж.б. Теле каналдарга кафедранын психологдору байма-бай психологиялык кеңештерди берип келет.
- Соттук процесстерге жашы жете балдарды психолог катары коштоо иретинде каф.психолог окутуучулары 3 жолу катышышкан (Кара-Кулжа,Ноокат,Өзгөн соттук отурумдары).

**Илимий иштер боюнча**

Кафедра быйыл түзүлгөндүгүнө карабастан, илимий семинарларды байма-бай өткөрүп турат. Алсак:

Илимий макаланы кантип жазабыз?

Окуу программаларын түзүү боюнча.

УМК түзүү боюнча.

Онлайн сабактардын методикасы:

- 21-ноябрь психологдордун күнүнө карата «Пандемия шартында психологиялык кеңештер»-деген аталышта эл аралык илимий конференция өткөрүлдү.
- «Күнүмдүк турмуштун психологиялык аспекттери» атту жаш изилдөөчүлөрдүн эл аралык конференциясы илим жумалыгынын алкагында өтүлдү, 32 студент жана магистранттар катышты. Кыргызстандан, Өзбекистандан жаш окумуштуулар катышты.
- Кафедрада "Жаш психолог" атту илимий ийрим иштейт, жалпы катышуучунун саны 55, жетекчиси окутуучу Абылкасымова А.О.
- "Гендердик лаборатория" иштейт, жетекчиси доц. Жолдошева А.О.

**Проектер боюнча:**

1. «Smail KG» КФ менен биргеликте Сорос-Кыргызстандан алынган кичи грант: «Инклюзивтик билим берүү» боюнча проект. Бул проект боюнча ППжДТ факультетинин деканы Муратбаев Б.Б. менен меморандум түзүлүп азыркы учурда поездка боюнча 23-декабрдан 25-декабрга чейин А.Казибеков, Шерматова А.Г. жана Акбарова Б.М. болупТашкентке барышты. 29-30-декабрь проектин негизинде симпозиум өткөрүлөт.
2. Аутист балдар боюнча 10 сааттык лекция окуу (Бул боюнча былтыркы окуу жылы онлайн иретинде окулуп бүттү).
3. Юнисефтин проектиси: «Пандемия шартында мигранттардын жана аз камсыз болгон үй- бүлөлөрдүн балдарына психологиялык кеңештерди берүү»-бул боюнча Жолдошева А.О.,Шерматова А.Г. жана Акбарова Б.М. Аралыктан туруп кеңешештерди берип турушту. Баткен,Жалал-Абад, Ош региондорун бөлүштүрүп алып иш алып барылган.



Scanned with CamScanner

## ЖАЛПЫ ПСИХОЛОГИЯ КАФЕДРАСЫ

Кафедрада 12 окутуучунун пландаштырылган окуу жүктөмдөрүнө ылайыкташкан, мамстандарттын негизинде түзүлгөн жумушчу программалар, силабустар, СӨИ, аткарылган илимий изилдөө иштери боюнча ирэттүү даярдалган. **ОМКнын** абалы жана бөлүнгөн факультеттер боюнча маалымат:

1. Ажыматов О.А. пс. и.к. доцент дүйнөлүк тилдер факультетинде 1-2-курстарга, тарых факультетинде 2- курстарга жалпы, курак, педагогикалык психология предметтерине силлабус, жумушчу программа даярдаган.
2. Алиева С.А. п.и.к доцент индустриалдык- педколледждин 9-11-базадагы студенттерге балдар жана психологиясы предметине даярдаган.
3. Джошбекова З. улук окутуучу МИТ, исскуство
4. Жолдошбаев Д.А. ага окутуучу инфак 2-курстарга курак жана педагогикалык психология, соц.психология предметтерине.
5. Кошонова С.Ш. п.и.к. доцент инфак, биофак, 1- курстарына жалпы психология предметинен.
6. Накатаев М.А. ага окутуучу ИПК жана тарых факультеттерине жалпы психология.
7. Умаров Т.Н. п.и.к., доцент рус.кырг филология факультеттерине курак жана педпсихология, соцпсихология.
8. Сабирова М.М. улук окутуучу биофак курак жана педпсихология.
9. Сагынбаев Э. окутуучу рус филология курак жана пед. жалпы, соцпсихология.
10. Эргешова К.К. окутуучу ИПК, музфак, биофак жалпы психология
11. Эрмекова А.А. окутуучу ИПК, искусство факультетине курак педпсихология
12. Кожомкулова Н. лаборант, окутуучу.

Жумушчу программалар мам. стандартын негизинде түзүлүп, жыл сайын жаны маалыматтар менен пландарга толуктоолор киргизилет. ОМКлар ар бир окутуучунун жекече изилдөөлөрүнө карай толукталып, жаны окуу жылында түзүлгөн.

БКФ университеттин жобосуна ылайыкталып, ар бир предметтер боюнча тесттер, психологиялык көнүгүүлөр кырдаалдар менен иштелип изилденген.

Тапшырмалар пакети (СРС) онлайн болгондугуна байланыштуу электрондук негизде реферат, доклад, тесттик изилдөөлөр, кырдааларды чечмелөө электрондук почталардан тапшырылган.

Жалпы психология кафедрасында негизинен чон катачылыктар жок. Ошентсе да айрым кемчиликтерге токтолуп кетели:



- ОМКнын титулдук барагына факультеттин методикалык кеңешинин төрайымынын макулдашуу боюнча кол тамгасы жок;
- ОМКда учурдагы, аралык жана жыйынтык текшерүүлөргө бөлүнгөн баллды жүздүк менен эсептеген;
- Негизги адабияттардын аздыгы жана эскилиги;
- ОМКларга ички жана сырткы рецензия берилген эмес.

### Сунуштар:

1. ОМКга ички жана сырткы рецензияларды алуу жагы каралса;
2. ОМКны түзүү боюнча жаш окутуучуларга методикалык жардам көрсөтүү жагы колго алынса;
3. ОМКда пайдаланган адабияттардын тизмеги акыркы жаны булактарга таянып, негизги адабияттарды пайдалануу жагы кафедрада каралса;

### Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, окумуштуулар кенеши ЧЕЧИМ кылат:

1. Комиссиянын төрагасы М. Бабаевдин психология, жалпы психология кафедраларынын профессордук-окутуучулук курамынын иш кагаздарынын абалы жөнүндөгү билдирүүсү эске алынсын.
2. Справкада белгиленген айрым кемчиликтерди жоюу жагы кафедра башчысынын м.а. С. Кошонова, А. Жолдошоваларга жүктөлсүн.



Scanned with CamScanner